**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КӨЗӨМӨЛ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ПРИРОДНЫХ РЕСУРСОВ, ЭКОЛОГИИ И ТЕХНИЧЕСКОГО НАДЗОРА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

___________________ г. Бишкек

№________________

**Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин 2024-жылдын 23-августундагы №248-П “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматынын кызматкерлеринин ведомстволук формалык кийимдери жана айырмалоочу белгилери жөнүндө” буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 18-декабрындагы №813 “Атайын жана ведомстволук форма кийимин кийүүнү тартипке келтирүү жөнүндө” токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомуна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №263 “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин маселелери жөнүндө” токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматынын (мындан ары – Кызмат), кызматкерлеринин ведомстволук форма кийимдерин жана айырмалоочу белгилерин кийүүсүн тартипке келтирүү максатында **буйрук кылам:**

1.Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин 2024-жылдын 23-августундагы №248-П “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматынын кызматкерлеринин ведомстволук формалык кийимдери жана айырмалоочу белгилери жөнүндө” буйругунун 1-тиркемесине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- 14-пункттагы “Мамлекеттик кызматтын мамлекеттик кеңешчиси класстык чини бар, жогорку административдик жана саясий кызматтарды ээлеген адамдар үчүн шымдын сырткы тигиши боюнча бүт узундугуна канттан 0,5 см аралыкта көк-жашыл түстөгү туурасы 2,2 см болгон белгилер тигилет” деген сөздөр алынып салынсын;

- 31-пункттагы “беш бурчтуу” деген сөздөр ар кандай сандарда “жети бурчтуу” деген сөздөргө ошол эле сандарда алмаштырылсын, “25 мм” деген сөздөр “22 мм” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 32-пункттагы “беш бурчтуу” деген сөздөр ар кандай сандарда “жети бурчтуу” деген сөздөргө ошол эле сандарда алмаштырылсын, “25 мм” деген сөздөр “20 мм” деген сөздөргө алмаштырылсын.

2.Санариптештирүү башкармалыгы:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө" токтомуна ылайык милдеттүү түрдө расмий жарыялоо боюнча чараларды көрсүн;

- расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн эки нускада мамлекеттик жана расмий тилдерде кагаз жана электрондук түрдө, анын жарыяланган булагы жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтсүн;

- бул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жана электрондук түрдө, аталган буйруктун жарыяланган булагын көрсөтүү менен маалымат үчүн жөнөтсүн.

3. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып 7 жумушчу күндөн кийин күчүнө кирет.

4.Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары А.К. Раимкуловага жүктөлсүн.

---

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**О внесении изменений в приказ Министерства природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики от 23 августа 2024 года №248-П «О ведомственной форменной одежде и знаках различия сотрудников Службы экологического и технического надзора при Министерстве природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики»**

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 18 декабря 2025 года №813 «Об упорядочении ношения специальной и ведомственной формы одежды», постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 3 марта 2023 года №115 «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления», а также постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 15 ноября 2021 года №263 «О вопросах Министерства природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики», в целях упорядочения ношения ведомственной форменной одежды и знаков различия сотрудников Службы экологического и технического надзора при Министерстве природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики (далее – Служба), **приказываю:**

1. В приложении 1 приказа Министерства природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики от 23 августа 2024 года № 248-П «Об описании ведомственной форменной одежды и знаков различия сотрудников Службы экологического и технического надзора при Министерстве природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики» следующие изменения:

- в пункте 14 слова «Для лиц, имеющих классный чин государственного советника государственной службы, занимающих высшие административные и политические должности, на брюках на расстоянии 0,5 см от кантов пристрачиваются нашивки сине-зеленного цвета шириной 2,2 см, полосой по наружному шву форменных брюк на всю длину» исключить;

- в пункте 31 слова «пятиконечная» в разных числах заменить словами «семиконечная» в тех же числах, слова «25 мм» заменить словами «22 мм»;

- в пункте 32 слова «пятиконечная» в разных числах заменить словами «семиконечная» в тех же числах, слова «25 мм» заменить словами «20 мм».

2. Управлению цифровизации:

- принять меры по обязательному официальному опубликованию в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года № 117;

- в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копию приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках на бумажном и электронном носителях с указанием

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

информации об источнике его опубликования в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

- в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа направить копию приказа в Администрацию Президента Кыргызской Республики на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях, с указанием источника опубликования указанного приказа для информации.

3. Настоящий приказ вступает в силу по истечении 7 рабочих дней со дня официального опубликования.

4. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра А.К. Раимкулову.

**Министр** **А.Т. Токтобаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН